КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
ФРУНЗЕНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

---

## ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН БИРИНЧИ СЕССИЯСЫ 9-чакырылыш

## ТОКТОМ № 3

**2024-жылдын 26-ноябры** **Чалдовар а.**

**"III Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону уюштуруу жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 20 сентябрындагы 2024-жылдын ПЖ № 271 "Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгына ылайык жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрь №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө "Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 61-беренесин жетекчилике алып, Фрунзе айылдык кеңешинин депутаттарынын сессиясы

Токтом кылат:

1. Фрунзе айыл аймагынын III Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйын 2024-жылдын 7-декабрында саат 10-00 чакырылсын, "В.Я.Захарченко" атындагы Чалдовар жалпы билим берүүчү №1-орто мектебинде өткөрүлсүн.
2. Фрунзе айыл аймагынын жергиликтүү курамы калктын санына жараша 50 делегат болуп белгиленсин.
3. 4-декабрынан, 5-декабрына чейин жергиликтүү жамааттар арасында делегаттарды шайлоо боюнча жыйын/чогулуш өткөрүү графикке ылайык, №2-тиркеме
4. Фрунзе айыл аймагынын жергиликтүү курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобунун 9 адамдан турган курамы бекитилсин, №1-тиркеме
5. Уюштуруу тобу:
- айыл аймагынын жергиликтүү жааматынан өкүлчүлүктүү жыйынга өкүлдөрдү жана III Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону уюштурууну өткөрүү боюнча иш-чараларды жүргүзүшсүн.
6. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигине жөнөтүлсүн
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Төрага Дюшалиев М.К.